**КОСОБАЕВА Б.М.**

# ТАБИГЫЙ-МАТЕМАТИКАЛЫК ИЛИМДЕРДИ ОКУТУУЧУ МУГАЛИМДЕРДИН БИЛИМИН ЖОГОРУЛАТУУНУН ПРОБЛЕМАЛАРЫ

Коомдун учурдагы өнүгүү этабы мектепке чейинки жана мектеп окуучуларын окутуу, тарбиялоо иштерине жацыча мамиле жасоону талап коёт. Мектептин алдына коюлган милдеттердин чечилиши ар тараптан өнүккөн, социалдык активдүү, фундаменталдуу илимий билимге ээ болгон, ички дүйнөсү бай, ад еп ахлактуу жогорку кесиптик даярдыктагы мугалимдерден байланыштуу.

Мугалим окутуу аркылуу окуучулар менен акыл эмгегин гана аткарбастан, инсандык касиеттери менен тарбиялануучуларга таасир этет. Ар бир мугалим өзүнүн адистик предметинен байланышсыз, бир топ жалпы талаптарга жооп бериши, натыйжалуу окуу тарбия иштерин жүргүзүү иш аракеттер үчүн жалпы педагогикалык билимге, билгичтиктерге жана көндүмдөргө ээ болушу зарыл. Ошол эле учурда түрдүү кесиптик профилдеги мугалимдердин өздөрүнө тиешелүү өзгөчөлүктөр мүнөздүү. Ар бир мугалимдин инсандык сапаттары өзгөчө жана кайталангыс болушу талапка ылайык. Алардын ар бири өздөрүнүн жалпы жана жеке сапаттарынын органикалык бирдиктүүлүгүнө, жалпы багыттуулукка, ошол эле учурда жекече чыгармачыл өзгөчөлүккө, иш аракеттерин жетектөөчү идеяларын ишке ашыруунун варианттарынын көп түрдүүлүгүнө жетишүүсү зарыл.

Акыркы жылдарда Кыргыз Республикасынын мектептери жаңы мазмунга өттү. Мектептер түрдүү багытта (гуманитардык, табигый-математикалык, эстетика лык, мамлекеттик, мамлекеттик эмес, лицей, гимназия ж.б.) болуп калды.

Мындай мектептердин, профессионалдык даярдыгы күчтүү, жогорку квалификациялуу мугалимдерге муктаждыгы өстү.

Кыргыз республикасынын мектептеринде предметтик билим берүүнү жаңылоонун концепцияларында табигый илимдер боюнча мугалимдерди даярдоо жана алардын билимин жогорулатуу жөнүндө төмөнкүлөр айтылган:

окуу процессии интенсификациялоо жана кесипке даярдоону дифференцирлөө менен болочок мугалимдин кесипке даярдык децгээлин жогорулатуу;

- жогорку окуу жайларынын профессорлорунун жана окутуучуларынын борборлордо, бирикмелерде окуу процессии педагогикалык илим изилдөө элементтери менен айкалыштыруу аркылуу окуу программа ларын, окуу китептерин, методикалык колдонмолорду, окуу куралдарын иштеп чыгууга жетишүү.

Болочок кесип ээлеринин конкуренттик жөндөмдүүлүктөрүн арттыруу зарылчылыгы, республиканын мектептери үчүн табигый илимдерди окутуучу мугалимдерди теориялык жана профессионалдык жактан даярдоонун децгээлин жогорулатуудан келип чыгат. Табигый-математикалык илимдерден белгилүү көлөмдөгү билимди гана албастан, алган билимдерин системага келтирип, аларды практикада колдонуу менен окуучуларды ар тараптан өнүккөн инсан катары калыптандырууга багытталышы керек.

Педагогикалык дисциплиналар аркылуу жалпы педагогикалык билгичтик, көндүмдөрдү, жөндөмдүүлүктөрдү, ошондой эле табигый илимдер боюнча атайын (спецификалык) билгичтик, көндүмдөргө калыптандырууга жетишүү. Кесиптик дисциплиналар аркылуу профессионалдык даярдык алууда өздөштүрүлгөн табигый илимдердин мазмунун, илимий методдору боюнча билимдерди айкалыштыруу менен демонстрацияларды, лабораториялярык, практикалык иштерди аткарууга даярдык алуу.

Табигый-математикалык дисциплиналарды окутуунун теориясын жана методикасын өздөштүрүү менен, окутуунун каражаттарын, окутуу методдору менен, ошондой эле методдорду өз ара айкалыштырып колдонуу га үйрөнүүгө жетишүү керек.

Табигый-математикалык дисциплиналарды окутуучу мугалимдерди даярдоонун сапаты төмөн экендигин акыркы жылдарда өткөрүлгөн изилдөөлөрдүн анализи көрсөттү. Алардын себептери, биринчиден, мугалимдерди даярдоо боюнча окуу пландары жана окуу программалары учурдун талабына жооп бербейт. Табигый- дисциплина л ар боюнча мугалимдерди даярдоо, бир аз кыскартылган илим изилдөөчүлөрдү даярдоочу программалар менен улантылууда. Мугалимдерди даярдоонун өзгөчөлүгүнө теориялык курстардын жана практикумдардын мазмундары коюлган милдеттерди чечүүгө оптималдуу туура келгидей илимий жактан аныкталышы, негизделищи зарыл. Табигый жана так илимдер боюнча мугалимдерди даярдоого атайын окуу китептери зарыл.

Мугалимдердин профессионалдык даярдыгындагы мүчүлүштүктөргө кайрылсак, дидактика, педагогика, психология жана табигый-математикалык циклдеги дисциплиналардын ортосунан келип чыккан, дисциплинаны окутуунун теориясы жана методикасы боюнча билимдери тайкы. Көпчүлүк мугалимдер сабактын мазмунун аныктоодо, колдонулуучу окутуу каражаттарын жана методдорду тандоодо, аларды айкалыштырууда, окуу материалын окуучуларга берүүдө педагогика, психология, методика боюнча алган билимдерине таяна алышпайт. Ошондуктан, мугалимдерди даярдоочу жогорку окуу жайларында табигый-математикалык циклдеги илимдер боюнча болочок мугалимдерди педагогика, психология жана башка сабактарын окутуунун теориясы жана методикасы боюнча даярдоону түп тамырынан бери өзгөртүү зарыл.

Экинчиден, мугалимдерди даярдоочу университеттер жогорку квалификациялуу кадрлар менен камсыз эмес. Окутуучулардын көпчүлүгүнүн дидактика, окутуунун методикасы боюнча билимдери жана мектеп окуучулары менен иштөө билгичтик көндүмдөрү жетишсиз.

Айрым факультеттердин методика кафедрасынын, башында фундаменталдык илимдер боюнча илимий даражага ээ болгондор турарын, адатта алардын мектепте иштеген тажрыйбасы жок жана окутуунун методикасынан кабары жок экендигин О.С.Зайцев баса белгилеген.

*Табигый- математикалык циклдеги илимдерди окутуунун методикасы* - окуу предметин окуп үйрөнүү процессинде билим берүү, тарбиялоо, окуучуларды өнүктүрүү жана предметтин мазмунун өздөштүрүү закон ченемдүүлүктөрү жөнүндөгү *педагогикалык илим.* Анын негизги компоненттери болуп - окутуунун максаттары, мазмуну, методдору, формалары, каражаттары жана мугалимдин жана окуучулардын иш аракеттери саналат.

Демек, мугалимдерди даярдоочу жогорку окуу жайларынын фундаменталдык илимдер боюнча окутуучулары окутуу менен катар, методикалык иштер менен да алектениши зарыл.

Үчүнчүдөн, мугалимдерди даярдоочу окуу жайларынын материалдык базасы өтө начар. Мугалимдерди даярдап чыгаруучу кафедралар, алардын аудитория л ары, лабораториялары, профессионалдык даярдык берүүчү методика кабинеттери илимий жабдуулар, техникалык каражаттар, компьютерлер менен камсыз эмес.

Мугалимдердин профессионалдык даярдыгынын сапатынын мындай абалы жана мектептердин материалдык-техникалык, ресурстук базаларынын өтө төмөнкү деңгээли төмөнкү проблемалардын чечилишин биринчи иретке коюуну талап кылат:

- педагогикалык билим берүү системасын өнүктүрүү;
- мугалимдерди даярдоо програмаларын кайрадан иштеп чыгуу;
- методикалык илимди өнүктүрүү;

мугалимдерди даярдоо сапатын жакшыртуу жана алардын квалификациясын жогорулатуу системасын өркүндөтүү;

- жогорку окуу жайларынын окутуучуларынын билимин жогорулатуучу факультеттерди түзүү жана алардын ишин өнүктүрүү;
- мугалимдерди даярдоочу окутуучуларды аттестациялоону өркүндөтүү;
- критерия ларды иштеп чыгуу, алар аркылуу окутуучу лардын иштөө сапатын, педагогика жана методиканы өздөштүрүүсүн жакшыртуу;

- болочок мугалимдерди даярдоочу жогорку окуу жайларынын табигый-математикалык илимдерди, педагогиканы, психологичны окутуучу, окутуунун теориясы жана методикасы кафедралары менен Кыргыз билим берүү академиясынын ортосундагы байланышты күчөтүү;

- Кыргыз билим берүү академиясында даярдалып, жарык көргөн нормативдик документтер, предметтик мазмунду жаңылоонун концепциясы, мектепте табигый- математикалык илимдерден билим берүүнүн мамлекеттик стандарттары, окуу пограммалары, окуу китептери, окуу методикалык ко лдонмо лору, окутуунун жаңы техно логиялары менен болочок мугалимдерди жогорку окуу жайларында алдын ала тааныштыруу;

-университеттердин жана мектептердин материалдык-техникалык, ресурстук база ларын кеңейтүү;

- окуу процессии компьютерлештирүү;

-алдыңкы мугалимдердин профессионалдык өсүшүн стимулдаштыруу;

- эмгек акысын көбөйтүү;

- мугалимдерди улам кайра аттестациялоонун эффективдүү системасын иштеп чыгуу.

Мугалимдерди даярдоо боюнча жогоруда көрсөтүлгөн, биринчи иретте чечилүүчү проблемалар, табигый математикалык илимдерди окуткан мугалимдердин даярдыгындагы мүчүлүштүктөрдү оңдоо, толуктоо, билимди, квалификацияны жогорулатуучу курстардын жүгүн эки эсе көбөйтүүдө. Ошондой эле жогорку окуу жайында мугалимдерди даярдоодо эмгектенген окутуучу ларды жаңы мазмунга өткөн мектептер менен, мугалимдердин жацы талаптарга ылайык шарттарда кандай эмгектенип жаткандыктары менен тааныштыруу зарыл болду.

Ал эми мугалимдердин билимин жогорулатуучу курстарынын иш аракеттеринин сапатын жогорулатуу, ал курстарды өткөрүүчү кадрларына жана атайын иштелип чыккан иш программаларына байланыштуу.

Акыркы мезгилдерде мугалимдердин билимин жогорулатуучу курстарды жогорку окуу жайларында ачууга аракеттер болууда. Бир жагынан бул туура тенденция, анткени университеттердин аздыр-көптүр материалдык базасы, профессор лук- окутуучу лар курамы бар. Ошол эле убакта, университеттердин көпчүлүк окутуучу лары мектепти билбейт, мектепке тиешелүү нормативдик документтер менен тааныш эмес. Ошондой эле мектеп үчүн окуу программа ларын, окуу китептерин, окуу методикалык колдонмолорду даярдоонун теориясы жана практикасы менен тааныш эмес. Жогоруда айтылгандардын баары учурдагы мектептин муктаждыктарын толук камтыбайт, ал эми университеттердин кадрларынын өздөрү бул проблемаларды түшүнө, чече билүүлөрү зарыл.

Эц негизгиси университеттерде предметтерди окутуу методикасы боюнча кадрлар маселесин чечүү менен гана мугалимдерди профессионалдык даярдоонун децгээлин жогорулатуу мүмкүн.

Демек, мугалимдерди даярдоонун жацы методикасы зарыл. Жогорку окуу жайларынын окутуучу су окутуу процессии гана өткөрбөстөн, окутуучунун иштөөсүнүн негизги шарты болгон методикалык изилдөөлөрдү да жүргүзүнгү норма болуп калышы керек.

Жогорку окуу жайларында табигый-математикалык дисциплиналар боюнча мугалимдерди даярдоо жана буга чейин даярдалган жана болочок мугалимдердин квалификациясын жогорулатуунун сапатын жакшыртуу үчүн Кыргыз билим берүү академиясынын, мугалимдерди даярдоочу университеттердин жана Кыргыз билим жана илим министрлигинин ортосунда тыгыз байланышта иш жүргүзүү зарыл.

Алынган мекемелердин илимий потенциалын бирдиктүү топтоп, билим күчтөрүн керектүү багытта рационалдуу колдонуу зарыл. Тактап айтканда норматив дик документтерди, окуу программа л арын, мамлекеттик стандарттарды даярдоодо, лекцияларды окууда, практикалык, лабораториялык сабактарды өткөрүүдө мугалимдерди даярдоодо же алардын билимин өркүндөтүүдө, ошондой эле мектептердин, университеттердин, мугалимдердин, квалификациясын жогорулатуучу факулцтеттердин, борборлордун материалдык-техникалык базасын түзүүнү теориялык негиздөөдө колдонууга болот.

Бирдиктүү иш аракет аркылуу гана мугалимдерди даярдоо боюнча жакшы уюштурулган факультеттерде, борборлордо, институттарда алдыга коюлган максаттарга жетишүүгө болот. Анткени бир мекеменин жакшы жабдылган ресурстук борбору бар, бирок адистери жок, айрым мекеменин материалдык-техникалык базасы начар жана методисттери жок, бирок теориялык даярдыктары күчтүү адистери бар, ал эми бир мекемеде жогорку квалификациялуу методисттер бар. Бир эле мезгилде бул проблемаларды толугу менен бардык жерде ишке ашыруу мүмкүн эмес. Жацы мазмундагы мектептер үчүн табигый-математикалык дисциплиналар боюнча мугалимдерди даярдоо жана алардын билимин жогорулатуу *бирдиктүү күч* аркылуу гана ишке ашырылышы мүмкүн.

Адабияттар


1. Зайцев О.С.Методика обучения химии. Теоретический и прикладной аспект. -М.: ВЛАДОС, 1999.
2. Круглый стол: Проблемы стандартизации высшего педагогического образования //Педагогика - С.52-67. -№ 6 -2001.
3. Государственный образовательный стандарт по естественно-математическим дисциплинам общеобразовательных школ КР, 2006.